КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12-сентябрь 2025-жыл № 12** **Совет айылы**

**“Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 29-августундагы № 01-17/551 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө” № 122 токтомуна негиз, аймактык статистика органдары тарабынан берилген чыгымдардын сметасына жана эсептөөлөрүнө ылайык, Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө” № 122 токтомуна негиз, аймактык статистика органдары тарабынан берилген чыгымдардын сметасына жана эсептөөлөрүнө ылайык, айыл чарба каттоосуна карата 250 000 (эки жүз элүү миң) сом акча каражатын кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**